Бекитемин

# Жаш мугалимдер менен иштөө планы

| № | Иштин мазмуну | Күтүлүүчү натыйжалар | Усулу | Өткөрүү мөөнөтү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Тема: "Мугалимдин билими жана көндүмдөрү – окуучулардын чыгармачылыгынын жана жетишкендиктеринин ачкычы" Окуу планы, программасы, календардык-тематикалык план, иш пландар ж.б.иш кагаздары менен таанышуу | Программалардын практикалык, мазмунун билет; окуу материалын тандап ала алат; иш кагаздарын сабаттуу жүргүзө алат. | Консультация, көрсөтмөлөр менен таанышуу | Сентябрь |
| 2 | 1. Окуучулардын окуп-таанып-билүү ишмердүүлүгүн активдештирүү көйгөйлөрү 2. Тренинг-оюн | Максаттарды, милдеттерди коюу, этаптарын пландоо, убакытты балансын сактоо, окуу материалын тандоону ишке ашыруу, бар маалыматты окуу китебинин мазмунуна айкалыштыруу. Ар бир катышуучу өзүлөрүнүн сабакты баштоо жана уюштуруу варианттарын көрсөтөт. | Консультация, Насаатчылардын сабактарына катышуу жана анализ берүү; . Практикум. | Октябрь |
| 3 | Сабактардын технологиясы Дискуссия "Сабак берүү сапатына таасир берген факторлор" | Салттуу, салттуу эмес сабактардын типтерин билет, аларды жүргүзө алат, окутуу процессин оптималдаштыруу | Теориялык жана практикалык даярдык деңгээлин жогорулатуу боюнча өз алдынча иштөө | Ноябрь |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 4 | Окутуунун долбоордук усулу | Долбоорлоо иштерин даярдоо иштеринин алгоритмин билет: баалоо критерийлерин, окуучулардын өз алдынча ишмердуулугун ж.б. | Долбоорлоо технологиялары окуп жана таанышуу, мугалимдердин сабактарына катышуу | Декабрь |
| 5 | Өзүнүн сабагын анализдөө **Дискуссия:** **«Сабак өтүлүп жатканда кездешүүчү кыйынчылыктар жана ал жагдайдан чыгуу»** | Өз сабагына анализ берүүнү билүү, сабактын күчтүү жана алсыз жактарын көрө билет, сабактын алсыз жактарын коррекциялайт жана аларды жакшыртат | Практикум, өзүнүн билимин жогорулатуу, методикалык адабияттарды окуу, насаатчылар үчүн сабактарды өтүү | Январь |
| 6 | Окуучулардын билимин баалоону көзөмөлдөө **Дискуссия:** **«Үй тапшырмасы: кантип, канча, качан?»** | Баалоо нормаларына ылайык окуучулаодын билимин объективдүү баалоо | Консультация, Методикалык адабияттарды окуу, практикалык сабактарды өтүү | февраль |
| 7 | Сабакты пландоо **Дискуссия** **«Окутуучунун ишмердүүлүгүнө таасир берүүчү факторлор».** | Кыйын абалдан чыгууну билет, окуучулар менен иштиктүү карым-катышты тактай алат | Методикалык адабияттарды окуу, консультациялар, Тажрыйбалуу мугалимдерден окуучу менен тил табышуу тажрыйбаларын ан бөлүшүү | Март |
| 8 | Мугалимдин ишмердүүлүгүндөгү кыйынчылыктарды таап чыгуу | Өз тажрыйбасын, кыйынчылыктарын, жетишкендиктерин анализдөөнү билет | Анкета алуу, маектешүү | Май |

# Киришүү

Азыркы учурдагы билим берүү системасынын реформалануу учурунда мектептердеги жаш мугалимдердин иштери боюнча маселелер түрдүү деңгээлге көтөрүлүүдө. Мурдагыдай эле мектепке сабаттуу, билимдүү жаш адистерди тартуу, алардын андан аркы ийгиликтүү иштеп кетүүсүнө өбөлгө түзүү маселелери бар.

Жаш адистер менен иш алып баруу салттуу түрдө мектептеги методикалык иштердин ишмердүүлүгүнүн маанилүү бир бөлүгү болуп саналат. Ал, жаш мугалимдер өз ишмердүүлүгүндө кездештирүүчү дидактикалык мүнөздөгү типтүү кыйынчылыктарга анализ берүүгө арналат.

Жогорку окуу жайын бүтүү, дипломго ээ болуу менен жаш мугалим профессионал деп эсептелбейт. Анын алдында профессионалдык жактан калыптануунун узун жолу күтүп турат. Албетте, алгачкы бөлүгү кесипке ылайыкташуу, турукташуу мезгили турат. Жаш мугалимдин мектепте ийгиликтүү турукташуусу үчүн мектепте "Жаш мугалим мектебинин" иш планы түзүлдү.

**Максаты** – учурдун талабына ылайык мектепте жаш мугалимдин ийгиликтүү калыптануусу үчүн методикалык-уюштуруучулук шарттарды түзүү.

Негизги идеялар:

- Методикалык иштерди уюштуруу мүмкүнчүлүкторүн пайдалануу менен мектепте жаш мугалимдердин кесиптик жактан өнүгүүсү үчүн шарттарды түзүү;
- Методикалык кеңештин мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу менен жаш мугалимдин өзүн-өзү калыптандырууга жана өзүн-өзү өстүрүүгөдаярдыгын калыптандыруусу үчүн шарттарды түзүү.

**Милдеттери:**

- Мугалимдин жаңы жамаатка ийкемделиши, көнүп кетүүсүнө жардам көрсөтүү;
- Профессионалдык даярдыгынын деңгээлин аныктоо;
- Педагогикалык практикасындагы көйгөйлөрдү таап чыгуу жана чара көрүү;
- Жаш мугалимдин жеке чыгармачылыгын калыптандыруу;
- Жаш педагогдордун кесиптик жактан, аны менен бирге мектеп окуучулары менен мамиле түзүүдө окутуунун жана тарбиялоонун, психологиянын түрдүү каражаттарын, формаларын колдонуу жагынан өнүгүүсүнө шарт түзүү;
- Жаш мугалимдин кесиптик жактан өзүн-өзү өнүктүрүү, өзү менен иштөө муктаждыгын өнүктүрүү.

**Пландоо төмөнкү багыттарда жүргүзүлөт:**

- Уюштуруучулук маселелер;
- Предмет боюнча пландоо жана уюштуруу;
- Методикалык иштерди пландоо жана уюштуруу;
- Мектеп иш кагаздары менен иштөө;
- Өзүн өнүктүрүү боюнча иштөө;
- Жаш мугалимдердин ишмердүүлүктөрүн көзөмөлдөө.

***Жаш мугалимдердин кесиптик ишмердүүлүгүндө ар кандай эскерткичтер жардам берет:***

- Учурдун талабына ылайык сабакка болгон талаптар;
- Сабактын анализи жана өзүнө анализ берүү;
- Окутуунун активдүү формалары;
- Журнал толтуруу боюнча;
- Ийгиликтүү сабак өтүүнүн критерийлери;

***Жаш мугалимге сабакты даярдоодо берилүүчү кеңештер***
***(иш аракеттердин алгоритми)***

**Класстагы окуучулардын өзгөчөлүгүн эске алуу:**

- жетишкендиктерин (күчтүү, алсыз, бир типтүү эмес, пассивдүү, активдүү ж.б.)
- Окуучулардын предметке болгон мамилесин;
- Иштин темпи;
- Окуу көндүмдөрүнүн калыптануусун;
- Окуучулардын даярдыгын;
- Окуу ишмердүүлүгүнүн ар түрдүүлүгүнө болгон мамиле;
- Окуучулардын жалпы дисциплинасы.

**Өүнүн жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу:**

- Нерв системасынын тиби;
- Коммуникативдүүлүк;
- Окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн уюштуруудагы эмоционалдуулугун;
- Окуучулардын жаңы материалды кабыл алуусун башкаруу;
- Начар маанайды женип чыгуу;
- Өз билимине, жөндөмүнө болгон ишенич;
- Көндумдөрдү импровизациялоо жөндөмүнө ээ болуу;
- Окутуунун ар кандай түрлөрүн колдоно билүү.